*УДК: 392*

***Зайниев Р.А.***
*И.Арабаев атындагы КМУнун*
*доценти, т.и.к.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНДЕГИ БАЙБИЧЕ КӨТӨРҮҮ САЛТЫ
## *(Лейлек районунун мисалында)*

# "ПОСВЯЩЕНИЕ В БАЙБИЧЕ" В КЫРГЫЗСКОМ НАРОДЕ
## *(на примере Лейлекского района)*

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элинде азыркы күндө унутулуп бара жаткан «Байбиче көтөрүү» салты иликтенген. Иликтөөдө бай, байбиче, байбиче көтөрүү деген аталыштар талдоого алынган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Кыргызстан, кыргыз, этнос, эл, салт, санаа, байбиче, көтөрүү, үрп-адат.*

***Аннотация:*** *В статье исследован забытый сегодня кыргызский народный обычай «Посвящение в байбиче». Дан анализ таким понятиям, как “бай”, “байбиче”, “посвящение в байбиче”.*

***Ключевые слова***: *Кыргызстан, кыргыз, этнос, народ, обычай, традиция , байбиче, посвящение, устоявшаяся традиция.*

*The article explores the Kyrgyz folk custom "Dedication to baibiche" forgotten until today. It provides the analysis of such concepts as “bai”, “baibiche”, “dedication to baibiche”.*

***Key words:*** *Kyrgyzstan, Kyrgyz, ethnicity, nation, tradition, custom, baibiche, dedication, well-established tradition*

Борбордук Азиядагы байыркы элдердин катарын толуктаган кыргыз элинин үрп-адаттары, каада-салты жана материалдык маданияты тарыхый өнүгүүнүн татаал жолун басып өткөн.

Эгемендик мезгилинен бери унутулуп бара жактан кыргыз элинин үрп-адаттарынын, салт-санааларынын негизги тобу жана материалдык маданияты азыркы учурда тездик менен өнүгүп бара жаткан техногендик цивилизациянын шарттарында да кайра жандануу менен өсүп жаткандыгы айтпасак дагы баарыбызга белгилүү.

Азыркы учурдагы коомдук абалдарга байланыштуу жаңы факторлордун таасири алдында, социалдык-экономикалык, саясий жана маданий көрсөткүчтөр түп-тамырынан бери өзгөрүлүп жаткандыгына байланыштуу кыргыз элинин салт-санаасы, үрп-адаты, ырым-жырымдары жана нарк-насилдери да көп өзгөрүүлөргө дуушар болду. Көптөгөн муундардан бери сакталып келе жаткан үрп-адаттар, салт-санаалар колдонулбай, унутта калды. Ошого карабастан кыргыз элинин азыркы маданиятынын этностук өзгөчөлүгүн түзгөн салттуу маданияттын башкы элементтери сакталып, өзгөргөн түрдө болсо дагы өнүгүп жаткандыгын белгилөөгө болот.

Кыргыз элинин ушундай көөнөргүс салттарынын бири болуп «Байбиче көтөрүү» салты эсептелинет.

Байбиче көтөрүүнү талдоодон мурда «байбиче» аталышына токтолуп кетүү абзел. Бай – бул Орто Азияда, Казакстанда жана Кавказдын айрым жерлеринде болгон ири мал жана жер ээси. Кыргыз байларынын мүлкү болуп, алар эзүүчү таптардын негизин түзгөн. Колунда төрт түлүк малы, жайыттары жана зор өлчөмдө айдоо аянты бар адам. Ал эми байбиче революцияга чейин кыргыздардын арасында таралган көп аялдуу эркектин, асыресе бай-манаптын биринчи аялы [1. 384-385-б.]. Советтик доордо эзүүчү таптын коомдогу ордун аныктоодо бул терминге тескери баа берилген.

Байбиче түшүнүгү жөнүндө маалымат «Манас» эпосунда да кеңири чагылдырылган. Эпосто Манастын төрөлүүсү жөнүндөгү эпизоддо ыза болгон Чыйырды ыйлап жатып көзү илинип уктап кетет (бул ырым-жырым жөрөлгөсү байыркы мезгилдерден бери эле төрөбөгөн келин-кесектерге колдонулуп келген. Себеби аларды ардантпаса, ызалабаса Кудайга үнү жете ыйлап-зарлап тилене албайт дешип, жыртык төшөк, сынык казан, ж.б.у.с. буюм-тайымдарды берип алыскы адам жашабаган кокту-колотко өзүнчө бөлүп коюшкан). Түшүндө ак селдечен, ак сакалдуу адам жанына келип, жашын көрүп боору ооруп, аяктай ак алма берет, кызыл алма кыз деп дагы бир алма карматат. Алтымыш кулач ажыдаарга ат ордуна мин дейт. Алма жеген Чыйырдынын ичинен ажыдаар чыгып, ай-ааламды сорот, байбиченин бою бир жүз отуз кез болуп узарат [2, 699-б.].

Чыйырды ай-күнүнө жетип, толгоосу башталганда, Жакып «эркек деп бирөө жүгүрсө, жарылып кетер жүрөгүм, жыгылса да, талсам да, же кайрат кылып калсам да, элге шылдың болбостон ээн жакка барайын» - деп тоого чыгып кетет. Манас төрөлгөндө Акбалта Жакыпка уулдуу болгонун сүйүнчүлөп барат. Акбалта туруп мунун айтат:

Айтканымды туюнчу,  
Арстаным, Жакып сүйүнчү!  
Карыганда байбиче,  
Кабылан тапты сүйүнчү!  
Жобогондо байбиче,  
Жолборс тапты сүйүнчү! [3, 9-10-б.]

Бул маалыматтарга караганда байбиче аталышы кыргыз элинде узак мезгилден бери колдонулуп келгендигин тастыктайт

Байбиче – мерчемдүү аялдык, орто жаштан өткөн, өзүн салабаттуу кармап, айыл ичинде, туугандар арасында кандайдыр бир деңгээлде сый-урматка ээ болгон, энелердин сылык аталышы.

Өзүнүн нускалуу карыялыгы – келин-кесектерине, кыздарына, айыл ичиндеги аялзатына үлгү болгон, жашы өтүп бара жаткан аял. Эл арасында «байбиче байбичелигин кылды» – деген сөз айтылып жүргөндүгү дагы бекеринен эместир. Албетте, коомдо жеке аялдар чечүүчү кээ бир маселелер болот. Ушундай кээ бир маселелерди таасын, туура жана калыстык менен байбиченин чечип коюусунун натыйжасында айтылып калган.

Кыргыз элиндеги байбиче терминине токтолсок, байбиче эки сөздү бириктирүүнүн негизинде түзүлгөн – бай жана биче (бай – эркек, үй-бүлө башчысы; биче – анын жубайы, кеңешчиси). Совет бийлиги орногонго чейин байбиче үй бүлө башчысынын биринчи аялы, эгерде, ал экинчи жолу үйлөнө турган болсо, байбиче даражасын алган. Көбүнчө, полигамдуу маданиятты карманган элдерде улуу аялы же байбиче өзгөчө ардактуу макамга ээ болуп, үй бүлө башчысынан кийинки эле бийлик ээси катары таанылган. Ошондуктан эл арасында «Байбичелик доорун сүрүп турганда, байбичелигин карачы», – деп айтылып калган [4,95-б.].

Байбиче термини боюнча кыргыз элинде бир топ макал-лакаптар кездешет: «Байды тууп алат, байбичени сатып алат». Демек, кыргыз элинде үйлөнгөн учурда, ал үчүн калың төлөнгөндүктөн ушундай айтылып калган. Андан сырткары «Байбиченин бардыгы – төөдөй кара сандыгы», [5, 36-б.] – дегени байбиченин сандыгында байлык да, бекитилген керектүү нерселер да болот деген мааниде айтылган.

Эл арасында «Ак байбиче» – деген да түшүнүк кездешет. Ак байбиче кадырлуу, ага-тууган ортосунда сый-урматка ээ болгон, жашы жогорулаган аял. Кыргыз интеллигенциясынын арасында ушундай кадырлуу наамга ээ болгон, улуту башка дагы байбичелер арбын кездешкен. Өзгөчө кыргыз жергесинде XX кылымдын 20-40-жылдары Түштүк Кыргызстандын материалдык маданиятын терең изилдеген, белгилүү илимпоз Клавдия Ивановна Антипинаны, анын кыргыз элинин илимине кошкон салымы үчүн, сыйлоо иретинде «Кыял Ак байбиче» деп аташкан. Кыял – үмүт, ой чабыт, ой толгоо, бүтүн оюулардын топтому; Ак – таза, ак пейил, чынчыл; байбиче – жашы улгайган аялзатына ызаттоо менен кайрылуу [6,21-б.].

Ал гана эмес кыргыздарда жашы жогорулап калган аксакалдар да сый иретинде аялына, өз теңтуштарынын аялдарына дагы байбиче деп ызаат менен кайрылышкан. «Байбиче мал-жан аманбы, демдүү, күчтүү жүрөсүзбү», – деп жашы улгайган аялзатына кайрылышкан.

Кыргыз аялзаты өзүнүн жашоосунда, өз дарегине жана жашына карата бир нече кайрылууларды угат: секелек кыз, беш саамайлуу кыз, чоң кыз, селки, карындаш, эже, колукту, келин, жеңе, жубай, зайып, апа, эне, чоң эне, чоң апа, таеже, таажеңе, таене, байбиче, кемпир, аймактык-тилдик өзгөчөлүктөргө байланыштуу апже (эжеке), катын – деген кайрылуулар да кездешет. Бул кыргыз элиндеги аялга карата теңдеши жок, жогорку урмат-сый экендигин айгинелейт.

Жогорудагы аныктамалардан көрүнүп тургандай, кээ бир аймактарда жөн гана улуу аялы байбиче аталып келсе, ал эми Лейлек аймагында байбиче көтөрүүнүн өзгөчө салты бүгүнкү күндө да сакталып калган. Алсак, аталган салт Лейлектин жергиликтүү урууларында узак мезгилден бери эле колдонулуп келет. Анткени бул өтө кызыктуу жана сейрек кездешүүчү салт учурда Кыргызстандын кээ бир аймактарында, анын ичинде республиканын эң батыш аймагы болуп эсептелинген Лейлек районундагы кесек жана ават урууларында сакталып калган. Бул салттын сакталып калуусу аталган райондун географиялык шартына жараша болуусу толук ыктымал. Бирок коңшу элдерде, тактап айтканда, районго чек аралаш тажиктерде жана өзбектерде мындай салт өткөрүлбөйт.

Аймакта аял кутман курака жетип, уул-кыздарын жакшы тарбиялап, аларды эрезеге жеткирип, кыздарын чыгарып, уулдарын үйлөп, небере жыттап, алардын баары сак саламат болуп, турмушта өздөрүнүн ордун табышканда ушул салт өткөрүлөт. Кыз, келин, аял ал эми карылык сөөлөттү айгенелеген байбиче атка бардык аялдар  татый бербейт.Үй-бүлөдө, туугандар арасында айрыкча төркүн менен кайың журтуна кадыры сиңген, кызартып кыз багып, агартып уул өстүргөн, коомго пайдасы тийген, өнөрү же билими менен таанылган  аялзаты гана татыктуу деп  эсептешет. Айылдын кадырман  байбичелери 2-3 неберелүү болгондон кийин өз ара кеңешип, байбиче деген атка  арзыган кемпирди ыр ырдап, бий бийлеп,  насыйкат-санатын айтып, кеп-кеңешин бергенден кийин тегерете курчап алып ак батасын беришип,  байбиче көтөрүшөт.

Айыл-апанын сый-урматына, ишенимине татыктуу болгон байбиче чогулгандарга ак дасторконун жайып, улуураактарына  кийит кийгизип, кичүүрөөктөрүнө жоолук салып, меймандайт.

Аялга курбулары жана жакын туугандары «байбиче» наамын ыйгарышат.

Алгач аялды курбулары жана жакын туугандары үй бүлө башчысына: «Биз сиздин аялыңызды», ал эми эркек балдарына: «Биз силердин апаңарды «байбиче» көтөрөбүз», – деп жарыялашат.

Лейлекте, жалпы кыргыз элиндегидей эле сеп берүү салты бүгүнкү күнгө чейин сакталып келе жатат. Лейлектиктерде апасы кызына сөзсүз түрдө сеп катары «ай көчөт таарды» сеп катарында беришкен. Кээ бир учурларда «ай көчөт таар» кайненеден келинге өткөн. Ошол «ай көчөт таарга» «байбичеге» көтөрүүлүүчү аялды ортосуна отургузушуп, бир нече коңшу аялдар, курбулаштары дарбазаны карай көтөрүп жөнөшөт. Ал

эми үй бүлө башчысы аялын, үй бүлөнүн улуу эркек балдары апасын сатып алууга тийиш.

«Байбичеге» көтөрүлүүчү аялдын акысына кой союлуп, аталган салтка катышкандарга кенен дасторкон жайылып, сый-урмат көрсөтүлөт. Ал эми салтка катышышкан аялдар, курбулаштары жаңыдан «Байбичеге» көтөрүлгөн аялга ак жоолук салышып: «Сиз эми байбиче болдуңуз», – деп айыл-апага жарыя салышкан.

Жакында эле Лейлек районунун борбору Исфана шаарында А.Акматовдун үй бүлөсүндө ушундай жакшы салт өткөрүлдү. Аталган үй бүлө 5 уул, 1 кызды татыктуу тарбиялашкан. Алардын учурда 15 небереси бар. Үй бүлө башчысы 2017-жылы август айында кенже уулунун үйлөнүү тоюн өткөрдү. Тойдун жүрүшүндө той ээсинин аялынын курбулары, кошуналары жана жакын тууганадары А.Акматовго: «Бүгүн сиздин аялыңызды «Байбичеге» көтөрөбүз», – деп билдиришти. Ушундай жакшы кабарды үй ээси сүйүнүү менен кабыл алып, макулдугун берди. Негизги меймандар узагандан кийин, «Байбиче көтөрүү» салты башталды. Анын жүрүшүндө той ээсинин аялын курбулары, кошуналары жана жакын туугандары Ай көчөт таарга салышып, дарбазаны карай көтөрүп жөнөштү. Үй ээси: «Токтогула, токтогула! Мына мен төрт миң сомго байбичемди сатып алайын», – деп акчасын көтөрүп чуркады. Салтка катышкандар токтошуп, отурган байбичени ордунан тургузушуп, башына ак жоолук салышып, алкоо сөздөрүн айтышты: «Мына эми сиз байбиче болдуңуз, өмүрүңүз, ден соолугуңуз бекем болсун, урмат-сыйга бөлөнгөн байбиче болуңуз», – деген алкоо сөздөрүн, жакшы тилектерин билдиришти. Андан кийин чачыла чачылып, салтка катышкандарга дасторкон жайылып, кой союлуп урмат-сый көрсөтүлдү.

Ал эми «Байбиче көтөрүү» салтынын тарашы же жайылышы боюнча кеп курсак, 2016-жылы 6-сентябрда I Көчмөндөр оюнун өткөрүү мезгилинде да Баткен облусунун Лейлек районун өкүлдөрү тарабынан көрсөтүлгөн [7].

Чүй районунун Маданият айылында «Байбиче көтөрүү» салтынын бет ачары өткөрүлүп, бул иш чара конкурстук негизде жүргүзүлгөн. Бул иш чарага 70 жаштан өткөн апалар катышышып, алардын алтоосу сыноодон өтүп, аларга «Ардактуу Ак Байбиче» наамы ыйгарылган [8].

Кыргыз элинин советтик мезгилден бери унутта калган салт санааларынын кайрадан жандана баштышы, эл арасында колдонулуусу жакшы жышааналардын бири катары карасак болот. Бирок салт-санаалар өз маанисин жоготпой же болбосо өзгөртүлбөй түп маанисинде сакталышы керек. Ошондуктан өсүп келе жаткан жаңы муунга кыргыз элинин баалуулуктары болуп эсептелинген каада-салттарын, үрп-адаттарын бузбай өткөрүп берүү жана улантуу ар бир атуулдун ыйык милдети болуп эсептелинет.

***Адабияттар***


1. *Кыргыз совет энциклопедиясы. – Ф., 1976. – 608 б.*
2. *«Манас». Сагымбай Орозбаков энциклопедиясы. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Бийиктик плюс, 2015, – 1416 б.*
3. *С.Кадырова, Р.Кыдырбаева. Кыргыздын каада-салт ырлары жана алардын «Манас» эпосунан алган орду. – Б.: Илим, 2000, – 88 б.*
4. *Кыргызско-русский словарь. Около 40000 слов / К.К.Юдахин. – Б.: «Кут-Бер», 975 б.*
5. *Пословицы и поговорки кыргызского народа: из собрания акад. К.К.Юдахина / Сост. Д.Давлетбакова; Вступ. Слова ст. Т.К.Ахматова, М.А.Рудова. – Б.: Илим, 1997. – 231 б.*
6. *Воропаева В.А. Российские подвижники в истории культуры Кыргызстана. – Бишкек, изд-во КРСУ. 2005. – 360 б.*
7. *http://erkintoo.kg/blog/2016/09/bajbiche-ktr.*